ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Окумуштуулар Кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№1 ПРОТОКОЛУ**

*25-сентябрь, 2019-жыл.*

*Төрага:* У.А. Сопуев
*Окумуштуу катчы:* Н.А. Абдирайимова
*Катышкандар*: Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү – 33 мүчөсүнөн 25 мүчөсү бар.
Кворум бар (каттоо барагы тиркелет).

*Күн тартиби:*
1. 2019-2020-окуу жылына карата математика жана информациялык технологиялар факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин иш планын бекитүү (*баяндамачы: МИТ факультетинин деканы, доцент У.А. Сопуев*);
2. Ар түрдүү маселелер.

б) ИЭТ, ИЗБИ жана ИСТ багыттары боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнчастратегиялык пландарды бекитүү

**2. Ар түрдүү маселелер**

**Угулду:**

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* ИЭТ, ИЗБИ жана ИСТ багыттары боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландарды бекитүү сунушу келип түштү. Эки багыт боюнча стратегилык пландар иштелип чыккан. Көрсөнүздөр болот. Бул стратегилык пландар боюнча маалымат берүү үчүн Программалоо кафедрасынын башчысы А. Сопуевге сөз берем.

*Сопуев А. (программалоо кафедрасынын башчысы, профессор):* ИЗБИ жана ИЭТ багыттары боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландары ар бир багыт боюнча стратегиялык план иштелип чыкты. ИЭТ багыты боюнча “ПОВТАС” жана “АСОИУ” профили боюнча эки кафедра иш алып барат. ИТАС жана Программалоо кафедрасы биргеликте ИЭТ багыты боюнча НББПны 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык планды иштеп чыктык. Ал эми ИЗБИ багыты боюнча ИТАС кафедрасы иштеп чыкты. НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландар боюнча уюштурулуучу иш чаралар, иш чараларды өткөрүүнүн мөөнөтү жана жооптуулар көрсөтүлгөн. Андан сырткары максаттуу индикаторлор жана окуу, илимий ишмердүүлүктөрдү өнүктүрүү, илимий-педагогикалык кадрлардын сапатын жогорулатуу, эл аралык ишмердүүлүктөрдү жогорулатуу, бүтүрүүчүлөрдү ишке орнотуу, НББПларын өнүктүрүү жана коомго жайылтуу боюнча ишчаралардын пландары каралган. Сиздерге белгилүү болгондой бул жерде НББПларды 2015- 19-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландардын аткарылышы боюнча анализ жүргүзүлүп, анын натыйжасында жана иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн, студенттердин сунуштарынын негизинде түзүлдү. Факультеттин Окумуштуулар Кеңешине бекитип берүүңүздөрдү

суранам.

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* ИЭТ, ИСТ жана ИЗБИ багыттары боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландар иштелип чыккандыгын көрдүк. Бул жерде бир нече сунуштар эске алынып түзүлгөндүгү белгиленди. Мен дагы бул стратегиялык пландарды Окумуштуулар Кеңешине бекитип берүүнүздөрдү добушка коём.

Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан колдошту.

Бул маселе боюнча талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. ИЭТ, ИСТ жана ИЗБИ багыттары боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнчастратегиялык пландарды бекитилсин;
2. 2019-2024-жылдары ичинде кырдаалга жараша стратегиялык планга айрым өзгөрүүлөр кафедра башчынын буйрутмасы менен киргизилсин.

Кеңешменин төрагасы: Сопуев У.

Катчы: Абдирайимова Н.